DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Кадыров Акжол*

## КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНЫН НЕГИЗДЕЛИШИ ЖАНА АНЫН КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИНИН ТҮЗҮЛҮШҮНДӨГҮ ОРДУ

*Кадыров Акжол*

## ОСНОВАНИЕ ГОРОДА КЫЗЫЛ-КИЯ И ЕГО РОЛЬ В СТАНОВЛЕНИИ КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВА

*Akzhol Kadyrov*

## THE FOUNDATION OF THE CITY OF KYZYL-KIYA AND ITS ROLE IN THE FORMATION OF THE KYRGYZ STATE

*УДК: 94:930.48 (575.2)(04)*

*Аталган макалада Орто Азиядагы ири көмүр кендеринин бири болгон «Кызыл-Кыя» көмүр кенинин ачылышы, ага россиялык, европалык ишкерлердин таш көмүр кенин чалгындоосу, ишке киргизүүсү, Орто Азияга темир жолунун курулушу менен россиялык капиталга жол ачылышы изилденген. Таш көмүр кенинин ачылышы менен бирге жергиликтүү жумушчу табынын пайда болушу жана калыптанышы иликтенип, натыйжада кен аймагында жумушчулардын шаары Кызыл-Кыя негизделген. Кызыл-Кыя көмүр өндүрүү боюнча Орто Азиядагы алгачкы жана ири кен ишканасы болгон. Ошондуктан Кыргызстан «Орто Азиянын отунканасы» катары таанылып, Кызыл-Кыя шаары социалдык-экономикалык жана саясий жактан алгач Кыргыз Автономиялуу областынын, кийин союздук республиканын түзүлүшүнө олуттуу таасир этскендиги далилденген. XX к. башында «Кызыл-Кыя» көмүр кенинин иштей башташы менен бул аймактын экономикалык жана саясий жактан өнүгүүсүнүн жаңы этабы башталат.*

***Негизги сөздөр:** Кызыл-Кыя, көмүр кени, падыша өкмөтү, шахта, шаарча, Орто Азия, элдер.*

*В данной статье рассматривается открытие угольного месторождения Кызыл-Кия, одного из крупнейших угольных месторождений в Центральной Азии, разведка и ввод в эксплуатацию угольных месторождений российскими и европейскими предпринимателями, строительство железной дороги в Среднюю Азию и выход в российский капитал. С открытием угольной шахты изучалось формирование местного рабочего класса, в результате чего на территории шахты был создан рабочий городок Кызыл-Кия. Кызыл-Кия была первой и крупнейшей угольной шахтой в Средней Азии. Таким образом, Кыргызстан был признан «кочегаром Средней Азии», а город Кызыл-Кия оказал значительное социально-экономическое и политическое влияние сначала на образование Кыргызской автономной области, а затем и Союзной республики. С запуском в начале XX века угольного месторождения Кызыл-Кия начался новый этап экономического и политического развития региона.*

***Ключевые слова:** Кызыл-Кия, угольный рудник, царское правительство, рудник, город, Средняя Азия, народы.*

*This article discusses the discovery of the Kyzyl-Kiya coal deposit, one of the largest coal deposits in Central Asia, the exploration and commissioning of coal deposits by Russian and European entrepreneurs, the construction of a railway to Central Asia and access to Russian capital. With the opening of the coal mine, the formation of a local working class was studied, as a result of which a working town of Kyzyl-Kiya was created on the territory of the mine. Kyzyl-Kiya was the first and largest coal mine in Central Asia. Kyzyl-Kiya was the first and largest coal mine in Central Asia. Thus, Kyrgyzstan was recognized as the «stoker of Central Asia», and the city of Kyzyl-Kiya had a significant socio-economic and political impact, first on the formation of the Kyrgyz Autonomous Region, and then the Union Republic. With the launch of the Kyzyl-Kiya coal deposit at the beginning of the 20th century, a new stage in the economic and political development of the region began.*

***Key words:** Kyzyl-Kiya, coal mine, tsarist government, mine, city, Central Asia, peoples.*

Фергана өрөөнү байыркы мезгилдерден бери карай тоо кен өндүрүшү боюнча дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө таанымал болгон. Араб-парсы жана кытай булактарында чагылдырылгандай, бул аймак б.з. I к. кен байлыктары жана кен иштетүү боюнча атагы чыгып, Ферганадан түрк туткундары менен кошо ак кездемелер, курал-жарак, кылыч, жез, темир сыртка чыгарылып, Фергананын темир буюмдары, айрыкча курал-жарактар Багдадка чейин сатылып турган.

Б.з. I к. Баткен аймагындагы атагы чыккан Кани-Гут кени жөнүндө алгачкы маалымат атактуу дарыгер Авиценнанын эмгектеринде кездешет. Ал эми X к. таандык Ал-Истахринин «Китаб масалик ал-мамалик» аттуу географиялык-тарыхый эмгегинде: «Фергана тоолорунан асбест, бирюза, темир, жез, алтын жана коргошун казылып алынат. Аспарада кара таштуу тоо бар, бул таштар (жыгач) көмүр сыяктуу күйөт; ал жерден үч капты (ушундай көмүрдүн үч кабын) бир дирхемге сатышат жана анын күлү кездемелерди агартат» [1, 33-б.] - деп жазган.

Бирок кийинки мезгилдерде Ферганадагы тоо-кен өндүрүшү токтоп калган. XIX к. жарымына чейин бул өрөөндө көмүр өндүрүүгө көңүл бурулбай келген болсо, өткөн кылымдын 60-70-жж. баштап, б.а. Орто Азия Россияга кошулгандан кийин гана бул тармакка болгон «кызыгуу» кайрадан күчөп, анын натыйжасында кыргыз айылдарында да капиталисттик мамилелер пайда боло баштаган.

Падыша өкмөтү 1870-жылы Түркстандагы таш-көмүр кендерин чалгындоого жана өздөштүрүүгө кызыккан жактарга атайын уруксат берүү жөнүндө генерал-губернаторлорго укук берген. Натыйжада Түркстандагы кара алтын байлыктарына орустар менен кошо европалыктардын да кызыгуусу күчөй баштаган.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Түштүк Кыргызстандагы алгачкы таш-көмүр кени Сүлүктүдө, Көк-Кене-Сай суусунун боюнда жайгашкан. Мындагы таш көмүр жергиликтүү элге байыртадан эле белгилүү болгон. Ал жөнүндө: «1868-жылы жергиликтүү калктын жардамы менен таш-көмүр кени изилденди жана ушул эле жылы көмүр казуу иши башталды [2, 167-б.]», - деп жазган «Түркстан жыйнагы».

Мында көмүр казууну орус полковниги Фавицкийдин чакан ишканасы жүргүзгөн. Алар көмүрүн алгач Кожент шаарына алып барып сатышкан. 1870-жылдан баштап негизинен Түркстандын аскер бөлүктөрүнө жана Арал флотуна жөнөтүлө баштаган. 1871-жылы Россия менен Кокон хандыгынын ортосундагы карама-каршылыктардан улам көмүр казуу токтотулган. 1875-жылы Россия менен Кокон хандыгынын ортосундагы согушта Фавицкийдин көмүр кени Кокон хандыгы тарабынан өрттөлгөн. 1990-жж. кийин көмүр казуу кайрадан башталган.

Орто Азиядагы ири көмүр кендеринин бири – Кызыл-Кыя кени. Кичи Алай кырка тоосунун этегинде Эшме-Булак капчыгайында жайгашкан. Жергиликтүү элдер мурдатан эле капчыгайдагы суу жеп, жер бетине чыгып калган «күйүүчү кара ташты» казып алышып, отун катары пайдаланышкан. Кен Кызыл-Кыя, Ятан, Алмалык, Үч-Коргон сыяктуу 15 участкадан туруп, жалпы узундугу 12 км.ге жакын. 1898-жылы орустун округдук инженери Михайлов жергиликтүү элдин жардамы менен Эшме-Булакта геологиялык изилдөө жумуштарын жүргүзүп, көмүрдү мамлекеттик казынанын пайдасына казып алууну сунуштаган. Кийин бул жыл Кызыл-Кыя көмүр кенинин официалдуу ачылышы катары эсептелген. 1898-1904-жж. француз Шотт тарабынан (кыргыздар аны Чотбай дешкен) Кызыл-Кыянын чыгыш тарабындагы көмүр кени иштетилген.

Орус ишкери Спачев немец, бельгия жана француз ишкерлери менен бирге 1898-жылы Үч-Коргон кенин өздөштүргөн. Кендин кыскача геологиялык маалыматтарын алгачкы ирет 1909-жылы М.М. Бронников менен В.Н. Вебер жарыялаган. 1903-жылы П.В. Фосс чалгындоо жана өздөштүрүү иштерин жүргүзгөн. 1908-жылы ал көмүр кени менен Скобелев шаарын туташтырган кууш колеялуу темир жолун курган. Орто Азияга темир жолунун курулушу бул аймактын экономикалык жана саясий жактан өнүгүүсүнө, товар жүгүртүүгө, капиталисттик мамилелерди жандандырууга өбөлгө болгон. В.И. Лениндин сөзү менен айтканда: «темир жолу акырындык менен орус капиталы үчүн Орто Азияга жол ачты [3, 82-б.]».

«Кызыл-Кыя» көмүр кенинде орус Н.Д. Батюшков көмүр казууну ири ишкер катары чыгармачылык менен баштаган. Ал өзүнүн шахталарын башкаларга салыштырмалуу бир топ жогорку деңгээлде жабдыган: кууш колеялуу темир жолун курган, көмүрдү лебедканын жардамы менен тартып чыгарган. Натыйжада көмүр казып алуу көбөйгөн. Ал Шотт менен П.В. Фосско тиешелүү кендерди сатып алган жана жаңы чалгындоолорду жүргүзгөн.

1912-жылдын май айында «Кызыл-Кыя» көмүр кенинин ээси, дворянин Н.Д. Батюшков кен мекемесин Петроградда негизделген орто азиялык «Кызыл-Кыя» акционердик коомуна сатып жиберет. Акционердик коомдун директору жана башкы акционери өзү болот. Коомдун негизги капиталы 3 млн рубль болгон. Акционердик коомдун башкы офиси Скобелев шаарында жайгашат. Коомдун башкармалыгынын курамына немец капиталынын өкүлчүлүктөрү да кирет. Акционердик коомдун максаты анын уставында белгиленгендей: «Кызыл-Кыя аймагындагы көмүр кендерин өздөштүрүү, Түркстандагы таш көмүр жана башка товарлар менен соода кылуу» болгон [4, 17-б.].

1912-ж. акционердик коом Скобелев шаары менен көмүр кенин туташтырган узундугу 35 верст болгон кууш колеялуу темир жолун ишке киргизет. Мындан сырткары литейлик бөлүм, механикалык мастерской, анча чоң эмес динамомашина менен иштөөчү электростанция, депо ж.б. курулат. 1914-жылдын күзүндө брикет фабрикасы курулуп, көмүр калдыктарынан даярдалган брикеттер сатыкка чыгарылат.

Брикет фабрикасынын курулушу кен казуунун көлөмүнүн көбөйүшүн далилдеген. Мында көмүр казуудан чыккан күкүм калдыктарды кайрадан атайын белгилүү бир калыпка салып даярдашкан. Брикеттен чыгарылган көмүр кадимки көмүрдөн эч айырмаланган эмес, ал эми каллориялуулугу боюнча да бирдей эле болгон. Бул ыкма бир топ кирешелерди арттырып, өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулаткан.

Жогоруда аталгандардан башка Жал участкасында капиталист М.И. Ракитиндин көмүр кени 1907-жылдан тарта ишке киргизилет. XX кылымдын башында Кызыл-Кыядагы көмүр кендерин чалгындоо жана өздөштүрүү ишине орус жана европалык ишкерлер жапа тырмак аракет кыла баштайт.

Ошентип, XX кылымдын башында Кызыл-Кыядагы көмүр кендерин чалгындоо жана өздөштүрүү ишине орус жана европалык ишкерлер жапа тырмак аракет кыла баштайт.

Орус жана европалык ишкерлердин келиши, «Кызыл-Кыя» акционердик коомунун түзүлүшү менен Кыргызстандын аймагына монополисттик капиталдын киришине жол ачып, жергиликтүү өнөр жайдын жана капиталисттик мамилелердин өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзүлөт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ошентип XX к. башында «Кызыл-Кыя» көмүр кенинин иштей башташы менен бул аймактын экономикалык жана саясий жактан өнүгүүсүнүн жаңы этабы башталат.

Капиталисттик мамилелер менен кошо жаңы технологиялар: көмүрдү лебедканын жардамы менен сыртка чыгаруу, темир жолу аркылуу ташуу, чакан электростанция, брикет фабрикасы сыяктуу ачылыштар жергиликтүү калктын аң-сезимине, күндөлүк турмуш-тиричилигине олуттуу таасир эте баштайт.

Көмүр казып алуу канчалык көбөйгөн сайын ага ошончо жумушчу күчү керек боло баштаган. Ошондуктан ишкерлер жумушчуларды жергиликтүү элдин арасынан ала баштаган. Натыйжада көмүр кенинин ишке кириши менен жергиликтүү калк жаңы жумушчу кесибин аркалай баштаган. Ошентип, байыртадан бери карай ата-бабаларынан тарта мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен гана шугурланышып келишкен жергиликтүү калктын арасынан көмүр казуу менен алектенген жумушчу табынын жаңы өкүлдөрү пайда болгон.

Алгач көмүр кендеринде жергиликтүү калктын жакыр катмарлары гана иштеген болсо, кийинчерээк кенге жакын айыл-кыштактардын дыйкандары да келе баштаган. Мисалы, «Кызыл-Кыя» көмүр кени ачылганга чейин мында бир гана тейит уруусунун өкүлдөрү жашап, алар гана иштеген болсо, XX к. башында Караван, Кувасай, Үч-Коргон ж.б. жакын айылдардан найман, кыпчак, төөлөс, оргу, каңды ж.б. уруулардын өкүлдөрү көчүп келип, шахтада иштей баштайт [5, 15-б.].

Ошентип, «Кызыл-Кыя» көмүр кенинин ачылышы менен бирге бул аймакта жумушчулардын чакан шаарчасы пайда болот.

Кызыл-Кыядан көмүр өндүрүү канчалык көбөйгөн сайын мындагы жумушчулардын саны да көбөйүп, анын натыйжасында мында көчүп келгендердин саны да көбөйө баштайт. Көмүр кенинин аймагындагы шаардын аймагы да кеңейип, анын инфратүзүмү улам жакшырып баштаган.

Ошол эле мезгилде Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Таш-Көмүр кендери да жанданып, Падышачылык Россия көмүр өндүрүүгө өзгөчө маани бере баштайт.

«Кызыл-Кыя» көмүр кени Түркстандагы ири көмүр кендеринен болгон. 1916-жылы мындан 299 382 т көмүр казылган. Бул болсо бүт Түркстандагы ошол кезде казылган көмүрдүн 40,8%ын түзгөн.

Көмүр өндүрүүнүн натыйжасынан улам бул аймакта жушумчулардын шаарчасы болгон Кызыл-Кыянын негизделиши бул аймактын социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө олуттуу тасир эте баштаган. Анткени көчмөн, жарым көчмөн турмушта жашап, жалаң мал чарбачылыгы, дыйканчылык менен гана кесиптенишип келишкен жергиликтүү калк жумушчулук кесипти өздөштүрүп, кендин айланасына отурукташып, шаар тибиндеги турмуш кечире башташкан.

Кызыл-Кыя, Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Таш-Көмүр кендеринин өздөштүрүлүшү менен Кыргызстандын аймагында ири көмүр шахталары пайда болуп, өлкөнүн өнөр жай тармагынын өнүгүшүнө негиз болгон. Анын натыйжасында Кыргызстандын саясий, экономикалык ж.б. мүмкүнчүлүктөрү кеңейип, алгач Автономиялуу область (1924-ж. 14-октябрь), андан Автономиялуу (1926-ж. 1-февраль), кийин союздук республикага (1936-ж. 5-декабрь) айланган.

1938-ж. Кызыл-Кыя шаарына Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен областтык баш ийүүдөгү шаар макамы берилген [6, 350-б.; 7, 12-б.].

Кызыл-Кыя шаарынын негизделгенине туура 40 жыл болгондо, шаардын мындай макамга ээ болушу, тарыхый көз караштан алып караганда шаардын өтө кыска убакытта өнүккөндүгүн далилдейт. Биринчиден, мындай тез өнүгүүнүн себеби: көмүр өнөр жайына байланыштуу. Анткени көмүрдүн отун катары Кыргызстанга эле эмес Орто Азия республикаларына да суроо-талабы жогору болгон. Ал мезгилде көмүрсүз завод-фабрикалар, ишканалар жада калса паровоздор да иштей албаган. Экинчиден, мына ушундай суроо-талаптарды канааттандыруу жана өндүрүштү алга жылдыруу максатында Совет доорунда пландуу экономиканын шарттары толук жана кынтыксыз аткарылып турган. Үчүнчүдөн, мындай макам шаардын дагы да тез өнүгүүсүн шарттаган, б.а. шаар райондук баш ийүүдөн областтык баш ийүүгө өтүп, анын кадыр-баркы жогорулаган. Анын негизинде шаардын башкаруу түзүмүндө бир топ өзгөрүүлөр болгон.

Областтык баш ийүүдөгү шаар макамы берилгенден кийинки Эмгекчилер депутаттарынын Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин түзүмү:

1. Аткаруу комитети.
2. Туруктуу комиссиялар.
3. Коммуналдык бөлүм.
4. Билим берүү бөлүмү.
5. Социалдык камсыздоо бөлүмү.
6. Саламаттыкты сактоо бөлүмү.
7. Шаардык финансы бөлүмү.
8. Шаардык пландоо бөлүмү.
9. Шаардык жер бөлүмү.
10. Шаардык соода бөлүмү.
11. Маданият бөлүмү.
12. Дене тарбия жана спорт бөлүмү.

Улуу Ата мекендик согуш жылдарында төмөнкүдөй бөлүмдөр кошулган:

13. Мобилизация бөлүмү.
14. Карточка бюросу.

Шаардын мындай түзүмү ар бир тармак менен жеткиликтүү иш алып барууга кеңири мүмкүндүк

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



берген. Ар бир бөлүмгө кызматтык бирдиктер бекитилип, алар тиешелүү кадрлар, финансылык-материалдык каражаттар менен камсыздалган. Бул болсо шаардын өнөр жайлык, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүн жогорулатуусуна мүмкүндүк жаратып, шаар калкын тиешелүү турак-жай, азык-түлүк менен камсыздоого жана аларды маданияттуу тейлөөгө чоң өбөлгө түзгөн.

Кыргыз мамлекетинин жетекчилиги жана Кыргыз өкмөтү өлкөнүн көмүр өнөр жайын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруп турган. Айрыкча аны жумушчу күчү менен толуктоо бир топ көйгөйдү жараткан. Анткени өлкөдө көмүр казып алуу көбөйгөн сайын аны жумушчу күчү менен толуктоо да өсүп турган. Ошондуктан, Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин жана Кыргызстан К(б)П Борбордук Комитетинин 1941-ж. 6-июнундагы «Кыргыз ССРинин көмүр кендерин жумушчулар менен камсыздоо жөнүндөгү» токтому кабыл алынган. Бул токтомду ишке ашыруу максатында Эмгекчилер депутаттарынын Ош областтык советинин аткаруу комитетинин «Эмгекке жарактуу шаар жана айыл калктарын «Кыргызкөмүр» кендеринде иштөөгө тартуу жөнүндөгү» чечими кабыл алынган. Анын негизинде Кызыл-Кыя көмүр кенинде иштөө үчүн 400 жумушчуну тартуу милдети коюлган:

1. Кызыл-Кыя шаары – 175
2. Молотов району – 30
3. Жаңы Ноокат району – 20
4. Ноокат району – 20
5. Совет району – 30
6. Гүлчө району – 25
7. Куршаб району – 40
8. Өзгөн району – 60 [7, 16-б.; 1, 99-б.].

Бул токтомдорду аткаруу үчүн жергиликтүү уюмдар бир топ аракеттерди жасашкан. Улуу Ата Мекендик согуш башталар алдында өлкөнүн экономикасын жогорулатуу жана анын отун-көмүр маселесин камсыздоо негизги милдеттердин бири болгон. Экинчиден, жергиликтүү калктын арасынан, айрыкча көмүр кендеринен алыс аймактардан да жумушчулар тартылып, өлкөдө жумушчулардын саны да барган сайын көбөйө берген.

Көмүр өндүрүүнүн көбөйүшү менен «Кыргызстан Орто Азиянын отунканасы» деп аталган. Көмүр өндүрүүнүн натыйжасында Кызыл-Кыя, Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Таш-Көмүр сыяктуу шаарлардын пайда болушу, өнүгүшү жана мындагы калктын санынын өсүшү – Кыргыз мамлекетинин түзүлүшүнө жана анын экономикалык-социалдык жактан өнүгүүсүнө олуттуу таасир этип турган.

Ошентип, «Кызыл-Кыя» көмүр кенинин ачылышы менен бирге бул аймакта жумушчулардын чакан шаарчасы пайда болот жана бул шаарчанын пайда болушу Кыргызстандын түштүк аймагында биринчилерден болуп, көмүр өнөр жай тармагынын жана өнөр жайлуу ири шаардын пайда болушуна негиз болгон. Жогоруда биз белгилегендей, Кызыл-Кыя шаарынын негизделиши жана өнүгүүсү жалаң көмүр өндүрүүгө байланышкан болсо, анын кийинки коомдук-саясий турмушу да өнөр жай тармагы менен тыгыз байланышкан. Көмүр өндүрүүнүн көбөйүшү менен бирге шаардын капчыгына түшүүчү киреше да арбып, анын негизинде шаардын инфратүзүмү жакшыра баштаган. Административдик, коомдук, маданий, мекемелер, окуу жайлары, мектептер, балдар бакчалары, турак жайлар курулуп, шаардын аймагы да кеңейе баштаган. Калктын саны өскөн. Шаардын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнүн натыйжасында жана түштүктөгү ири өнөр жайлуу шаар катары областтык башкаруудагы шаар макамына ээ болгон.

**Адабияттар:**


1. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары. - Б., 2002. - 33-б.
2. Туркестанский сборник. №57. - С. 167.
3. Ленин В.И. Чыг. 5-том, 82-б.
4. Татыбекова Ж.Т. История рудника «Кызыл-Кыя». - Ф., 1964. - С.17.
5. Мамбеталиева К. Быт и культура шахтеров киргизов каменноугольной промышленности Киргизии. - Ф., 1963. - С. 15.
6. КР БМА. 350-фонд, 7-тизим, 163-сактоо бирдиги, 12-б.
7. Баткен областтык мамлекеттик архиви. -16-фонд, 1-тизим, 13-сактоо бирдиги, 98-99-б.
8. Кадыров А. Образование местных рабочих классов и их роль в обществе на месторождении угля «Кызыл-Кия» (1900-1916 гг.). Известия вузов Кыргызстана, №7. - Бишкек, 2014. - С. 53-54.